Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

International Alertтун “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар.**

Зомбулук экстремизмин жайылтууну алдын алууга Кыргызстандын медиа стартегияларынын таасири

Изилдөөчүлөр: Ибраимова Элима, Токтосунов Байтур
Насаатчы: Инга Сикорская

Резюме

Бул иште 6 ай бою (2019–жылдын мартынан тартып 2019–жылдын августуна чейин) жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары чагылдырылган. Мамлекеттик органдардын (ИИМ, ДИМК, УКМК), ошондой эле үчөкмөттүк эмес уюмдун жана жарандык активисттердин тиешелүү медиа стратегияларына анализ жүргүзүлүп, жаштардын интернет колдонууга тартылышын ачып көрсөтүү максатында, Өзгөн, Бишкек жана Араван шаарларындагы 300 респондентке сурамжылоо жүргүзүлдү. Иштин жүрүшүндө кабинеттик изилдөө, анкетирлөө, эксперттик интервью сыяктуу ыкмалар колдонулду, ошондой эле экстремизмге каршы күрөшүү жана алдын алуу жаатындагы мындан мурунку изилдөөлөргө анализ жүргүзүлдү.

Сапаттык жана сандык изилдөөлөрдө негизги басым төмөнкүдөй компоненттерге жасалды: баалоо, анализ жүргүзүү, табуу, Кыргызстанда болгон медиа стратегияларды изилдөө жана салыштыруу.

Киришүү

Экстремизм бүгүнкү күндө эң эле толкундандыруучу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. 2019–жылдын 1–февралына карата Кыргызстанда 546 адам терроризм менен экстремизм үчүн айыпталган[1]. Бул КРнын БП төмөнкүдөй маалыматтары менен тастыкталат: 2018–жылы Сириядагы жарандык согушка катышуу фактысы боюнча кыргызстандыктарга 110 кылмыш иши козголгон[2]. ИИМдин жыйынтык маалыматында экстремизмди болтурбоо боюнча материалдар жарыяланган. Аларда 2019–жылдын биринчи жарым жылдыгында «Хизбут-Тахрир Альисламийдин»[3] активдүү лидери кармалганы, ошондой эле диний-экстремисттик уюмдардын башка активдүү мүчөлөрүнөн ок атуучу курал-жарактар жана ок-дарылар табылганы баяндалат.

Акыркы убактарда террористтик топтор тарабынан жаңы маалымат технологиялары жана интернет көбүрөөк пайдаланыла баштады. Бул процесстерге жарандар кокусунан эле тартылып калышууда. Андыктан опурталдуу коркунуч болуп интернет-порталдар саналууда (электрондук ЖМК, радикалдуу кыймылдардын сайттары ж.б.)[4]. Ошондой эле үгүттөө булактарына интернет-форумдарды, блокторду, видео-хостингдерди жана социалдык тармактар менен мессенджерлерди толук бойдон кошууга болот. 2018–жылы КРнын сотторунун чечимдери менен 220 интернет-аккаунт тосулган, себеби алар экстремисттик үгүттөө материалдарын жайылтышкан[5].

---

1. ЖАМК пресс-кызматынын маалыматтар: http://gsin.gov.kg/ru/presssluzhba/novosti/gsin-rabotaet-po-deradikalizacii-osuzhdennyh-za-terrorizm-i-jekstremizm.html
2. «АкиПресстин» 2019-ж. 25.04. жыйынтык маалыматынан: https://svodka.akipress.org/news:1542955
3. Хизб ут-Тахрир аль-Ислами – Кыргызстанда тыюу салынды деп таанылган эл аралык диний-саясий партия.
4. Южакова Т. А., Лашин Р. Л. Билим берүү чөйрөсүндө жана Интернет тармагында терроризм жана экстремизм идеологиясын алдын-алуу // НЦПТИ сереп. 2013. №3. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/profilaktika-ideologii-terrorizma-i-ekstremizma-v-obrazovatelnoy-srede-i-seti-internet.
5. Башкы прокурор Өткүрбек Жамшитовдун 2019-ж.17-апрелиндеги парламенттин отурумунда сүйлөгөн сөзү. Булак: http://kant.kg/2019-04-17/v-2018-godu-po-resheniyu-sudov-byli-zablokirovany-220-internet-akkauntov/

Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын маалыматтарына ылайык,[7] 2012–жылы экстремизм менен терроризм үчүн соттолгондордун саны 5 эсе өскөн. Радикализмдин ар кандай белгилери улуттук коопсуздук үчүн реалдуу коркунуч туудурат, анткени анын бардык түрлөрү, алардын жүйөлөрүнө карабастан, коркунуч туудуруу жана адамдарды коркутуу аркылуу коомдун түзүлүшүн өзгөртүүгө багытталган. Кыргызстанда экстремисттик топтор тарабынан азгырылгандардын саны өсүүдө.

Өлкөбүздөгү жана чет өлкөлүк теологдор менен эксперттердин ой-пикири боюнча, жаштардын радикалдашуусунун негизги себептери болуп, биринчи кезекте, маалыматтын жетишсиздиги, диний билим берүүнүн жоктугу, ошондой эле социалдык-экономикалык себептер саналат.[8] Аймактардагы экономикалык өнүгүүнүн төмөн деңгээли жана демографиялык өсүүнүн фонунда калк арасындагы жумушсуздуктун күч алуусу жаштардын мыйзамсыз куралдуу түзүмдөргө кошулуусунун эң олуттуу факторлору болуп эсептелет[9].

Иштеп жаткан медиа стратегияларына анализ

Кыргызстандагы медия стратегияларга анализ жүргүзүүдө мамлекеттик органдар, же бейөкмөт уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан стратегиялар экстремисттик идеологиянын жайылышын алдын алуу үчүн иш-аракеттердин схемасы жана медия куралдарынын белгилүү бир түрлөрүн колдонуу гана экендиги аныкталды.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын көптөгөн диний бирикмелериндекоомчулукмененбайланыштыжүзөгө ашыруучу түзүмдөр иштейт (пресс-кызматтар, пресс-катчылар, маалымат бөлүмдөрү, тышкы байланыш бөлүмдөрү ж.б.). Бул каналдарды пайдаланып, алар аудиторияга зомбулук экстремизмин үгүттөө деген эмне, кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн жана ага кантип туруштук берүү керек экендигин түшүндүрүп берүүгө аракеттенишет.

Жогоруда аталган медиа стратегияларга жүргүзүлгөн анализ экстремизмге каршы күрөшүү үчүн көрүлгөн чаралар, негизинен, алдын алуучу жана аналитикалык мүнөзгө ээ экендигин көрсөттү. Интернеттеги экстремизм идеологиясын жайылтууга бөгөт коюу боюнча медиа стратегия мамлекеттик түзүмдөрдүн ичинен УКМКда гана бар, ал жерде диний-экстремисттик мүнөздөгү интернет-сайттар тосулат. КРнын Өкмөтү тарабынан ушул жылы киргизилген 2019–2023–жылдарга карата Кыргыз Республикасынын киберкоопсуздук боюнча стратегиясы улуттук медиа стратегияга кошкон олуттуу салым болуп саналат. Мамлекеттик сектордо киберкоопсуздукту камсыз кылуу боюнча чаралар аз, анткени жеке маалыматтарды иштетүү жана алардын аудити коопсуздукту камсыз кылууга толук бойдон көмөктөшө албайт. Биздин пикирибизде, ар бир мамлекеттик органдарда киберкоопсуздук боюнча адистердин болушу экстремизмди алдын алуу жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча жалпы максатка жетүү үчүн бир кыйла эффективдүү болмок. Мамлекеттик түзүмдөрдүн кызматкерлери үчүн тренинг борборлорун түзүү дагы керектүү натыйжаны бермек.

Тышкы коммуникациялар төмөнкүдөй бир нече түрдөн турат: конфессиялар аралык мамилелер, коомчулук менен байланыш жана бийлик органдары менен байланыш. Коммуникациянын негизги каналдарына коом менен ЖМК аркылуу сүйлөшүү жана расмий сайттарда жайгаштырылган маалыматтар кирет. Мисалы, Муфтияттын расмий сайтында өткөрүлгөн иш-чаралардын, конференциялардын ж.б. күн тартибинде турган ар кандай актуалдуу маселелерин талкуулоого катышкан дин адамдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар, макалалар, отчеттор үзгүлтүксүз жайгаштырылып турат.
Акыркы убакта социалдык медиа диний лидерлер менен коомчулуктун ортосундагы байланышты жүзөгө ашырууда өзгөчө маанилүү жана таасирдүү канал болуп калды (блоктор, микроблоктор, социалдык тармактар, мультимедия ресурстары). Көптөгөн теологдор популярдуулукка медиа аркылуу жетишти, мисалы: Чубак Ажы, Кадыр Маликов ж.б..

Дин жана коомдун байланышы боюнча жергиликтүү каналдарга мисал катары Instagram социалдык тармагындагы “Жан дүйнө үчүн мүнөт” жана “Ислам Нуру” деген аталыштардагы аккаунттарды келтирүүгө болот. Эки аккаунт тең жаштар арасында абдан популярдуу. Муну, үзгүлтүксүз жеке билдирүүлөрдү жөнөтүп, кызыктырган суроолорду берген жана бул топтун администраторлорунан, исламга үгүттөөчү блогерлерден жоопторду алышкан алардын

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик жазык-аткаруу тутумунун иш-аракетин тескөөчү маселелер боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу, аткаруу бийлигинин укук коргоочу мамлекеттик органы болуп саналат. (КРнын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын Жобосунан).
8. Кыргызстан Аалымдар кеңешинин мүчөсү, теолог Кадыр Маликовдун «КМШдагы мусулмандардын арасындагы радикалдуу идеологияны жайылтууну кантип ооздуктайбыз?» деген видео көпүрөдөгү ой-пикири: https://24.kg/obschestvo/75314/
9. Яхьяев М. Я. Заманбап дүйнөдөгү исламдын радикалдашуусунун себептери // Исламтаануу. 2012. №2. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/prichiny-radikalizatsii-islama-v-sovremennom-mire

катталуучуларынын саны эле (26,8 миң жана 302 миң) тастыктап турат. Маалыматты берүү каражаттарынын ар түрдүүлүгү да жогору: сүрөт, видео материалдар, комментарийлер, пикир алышуулар ж.б.

Жаштардын интернет активдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү

Өлкөбүздүн үч аймагында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жүрүшүндө суроолорубузга жооп бергендердин жалпы санынын 94%ы интернетти үзгүлтүксүз пайдаланарын айтышкан. Алардын дээрлик көпчүлүгү 16 – 18 жаштан жогору куракта. «Маалыматты кайдан аласыз?» – деген суроого Бишкек шаарындагылардын 62%ы; Өзгөндө респонденттердин 46%ы, ал эми Араванда – 41%ы "социалдык тармактардан" деген вариантты белгилешкен. Жаш кыргызстандыктардын көпчүлүгү Instagram менен ВКонтактеге караганда Face-book платформасын жогору баалашат. Бул түйүндө жалпысынан 670.000 кыргызстандык катталган, алардын ичинен жашы 18 – 24төн жогору болгон жаштар 47,8%ды түзөт. Мессенджерлер боюнча айтсак, абсолюттук түрдө жаштардын көбү WhatsApp тиркемесин колдонушат. Интернет желесинин колдонуучулары жаңылыктар сайтына, көңүл ачуу жана фильмдик веб-ресурстарга абдан эле аз киришет, ошондой эле маалыматты почта аркылуу да абдан аз алышат. Почта сайттарынын ичинен Mail.ru россиялык сервис көбүрөөк пайдаланылат, популярдуулугу боюнча экинчи болуп Gmail саналат. Социалдык тармактардагы активдүүлүккө тиешелүү суроолорго үчаймактынреспонденттеринин көпчүлүгү жөн гана "жактыны" басат, бөлүшөт же комментарий берет. Текстти өздөрү генерация кылгандар өтө эле аз. Мунун себебин иликтегенибизде, айрым респонденттер адамдарга демилгесин билдирүүдөн, өзүнүн ойлорун, жашоого болгон позициясын, болуп жаткан окуяларга карата мамилесин жазгандан кооптонуп турарын билдиришти.

Жаштардын медиа артык көрүүлөрү



Вербовкалоо жана радикализм белгилери байланышкан тилге жараша болот. Мисалга, кыргыз тилдүү жана өзбек тилдүү баракчаларда зомбулук элементтери орус тилдүү булактарга караганда көбүрөөк камтылат. Андыктан тилдин артыкчылыгы

Социалдык түйүндөрдөгү активдүүлүгү



боюнча маселени да анкетага киргиздик. Натыйжайда, көпчүлүгү орус тилин (77%), андан кийин кыргыз (59%), өзбек (9%) жана англис (5%) тилин белгилешти.

Респонденттердин дээрлик көпчүлүгү (77%) интернеттен радикалдык мүнөздөгү маалыматты кезиктирген эмес, же өтө сейрек кездештирген (9%). Ошондой эле көптөр мындай маалыматты мазмунуна карап (56%), же болбосо аталышына карап (25%) аныкташат. Радикалдуу маалыматты кездештиргенде респонденттердин 43%ы бул маалыматты окуп чыгат жана өчүрөт; 16%ы аны анализдеп чыгат, ал эми 7%ы бөлүшөт.

Бирок аймактардын ортосунда абдан чоң айырмачылык бар: Бишкекте маалыматты көбүрөөк окуйт жана анализдейт, Араванда аны көбүнчө өчүрүп салат, ал эми Өзгөндө аны көбүрөөк бөлүшөт.

Радикалдык маалыматка реакциясы



Радикалдашуу менен күрөшүү жөнүндө маалыматты респондеттер көрүшпөйт, же болбосо абдан сейрек кездештиришет. Мындай маалымат көбүнчө Бишкек шаарында жеткиликтүү.

Бул экстремизмди алдын алууга багытталган медиа стратегиялар менен иш-аракеттер дагы деле эффективдүү эмес экендигинен кабар берет



Жыйынтыктар

Жогорку маалыматтарды анализдөө мамлекеттик органдарды, өкмөттүк эмес уюмдарды, жарандык активисттерди бириктирген бирдиктүү медиа стратегия коомго абдан зарыл экендигин көрсөттү. Сурамжылоонун жүрүшүндө аймактардагы жаштардын экстремизмди алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча мамлекеттик органдардын иши тууралуу кабарлары жок экендиги билинди.

Биздин оюбузча, колдонулуучу стратегияларды иштеп чыгуу, же болбосо жеткире иштеп чыгуу бир катар кыйынчылыктарды жеңүүгө, анын ичинде, экстремистик идеологияларды интернет аркылуу жайылтуунун деңгээлин төмөндөтүүгө, ал аркылуу улуттук коопсуздукту камсыз кылууга мүмкүнчүк түзөт.

АКШ жана РФнын тажрыйбаларын, тактап айтканда, экстремисттик идеологияларды интернеттен жайылтууга бөгөт коюу боюнча жаңы усулдарды жана мамилелерди колдонулушун изилдеп көрүп, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү ӨЭУнун ыкмаларын алар менен салыштырып көрүп, авторлор Кыргызстандын медиа стратегиясына жаңылыктарды киргизүү өтө зарыл деген жыйынтыкка келишти. Бул эл аралык донорлор жана өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан жарандык демилгелерди жана сунушталуучу долбоорлорду колдоодо билинет. Өзгөн, Араван жана Бишкек шаарынын жаштарынын арасында жүргүзүлгөн анкетирлөөнүн жооптору алар негизги маалыматты социалдык тармактардан алышарын, ал эми экстремисттик мүнөздөгү материалдарды, мазмуну менен таанышып чыккандан кийин, аныкташарын көрсөттү. Мамлекеттик эффективдүү коммуникациялык стратегияга ылайык, жаштарды радикализмди бир гана аталышы боюнча аныктоого, күрөшүү ыкмалары жөнүндө кабардар болууга жана экстремисттик мүнөздөгү маалыматка туура реакция кылууга үйрөтүү оң жыйынтыктарды бермек.

Сунуштар

КРнын Өкмөтүнө сунуштар:

- Өзүнө мамлекеттик органдар менен мекемелердин, өкмөттүк эмес уюмдардын, ар кандай диний конфессиялардын жана жарандык активисттердин эффективдүү өз ара аракеттешүүсүн камтыган бирдиктүү медиа стратегияны иштеп чыгуу жана киргизүү.

КРнын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына:

- Кыргызстандагы киберкоопсуздук боюнча жаңы киргизилген стратегияга өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү, тактап айтканда, учурдагы кызматкерлерди окутуу, же болбосо мамлекеттик органдарга жана диний конфессияларга (ДИМК, КМДБ, РПЦ) киберкоопсуздук боюнча жаңы адистерди тартуу боюнча пунктту кошуу.

РПЦ жана Муфтиятка:

- Эл аралык донорлордун жана ӨЭУнун диний коммуникациялар маселелери боюнча долбоорлорун маалымат технологияларын пайдаланып, колдоо жана өз ара аракеттенүү.

ӨЭУ жана кызыкдар адамдарга:

- Зомбулук экстремизминин идеологиясын алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча иш-чараларда мамлекеттик органдар, диний бирикмелер жана ЖМКлар менен катышуу жана өз ара тыгыз аракеттенүү.

Бул аналитикалык кат International Alerttин «Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2018 – 2019 - жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttин Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери; Эмиль Насритдинов, БААУ доценти; Жаркын Шадыманова, БМУ доценти.

Бул макала Европа Бирлигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну изилдөө тобунун жоопкерчилигинин предмети болуп саналып, International Alert уюмунун жана Европа Бирлигинин көз караштарын чагылдырбайт.

© 2019. International Alert. Бардык укуктар корголгон.

International Alerttун “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар.**

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

international alert

Кыргыз Республикасында ар кандай диний көз караштардагы жаштардын өз ара мамиле түзүүсүндө көйгөйлөр барбы?

Изилдөөчүлөр: Айпери Асылбекова, Тынчтык Бакыт уулу
Насаатчы: Нургүл Эсенаманова

Резюме

Бул документ Кыргызстандын ар кандай аймактарындагы ар түрдүү көз караштагы жаштардын өз ара мамиле түзүүсүнө жүргүзүлгөн анализди камтыйт. Изилдөө жүргүзүүдө ар кандай конфессиядагы жаштардын өз ара мамиле түзүүсү оң дагы, ошондой эле терс дагы тенденцияга ээ экендиги аныкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө протестанттык агымдагы жаштар көп учурда турмуш-тиричилик деңгээлиндеги басмырлоого, ошондой эле өзүнүн диндештерин жерге берүүдө пайда болгон чыр-чатактарга дуушар болуулары аныкталды. Бул өз ара терс карым-катнаштар абдан курч байкалган локациялар табылган. Бул аналитикалык катта ар түрдүү диний көз караштардагы жаштардын маалымдарлыгы жана бири-бирин түшүнө билүү деңгээлинин сыпаттамасы камтылган. Аналитикалык катта Кыргызстандын саясий курсун аныктаган адамдар үчүн сунуштоолор түрүндө бул чыр-чатактардан чыгуу жана чечүү жолдору берилген.

Киришүү

Акыркы жылдарда, тажрыйбада байкалгандай, динди карманган адамдардын саны туруктуу өсүп жатат. Мындай тенденция өзгөчө өлкөбүздүн жаш муундарынын арасында байкалууда. Ошону менен бирге биз жаштар арасында башка диний ишенимдерди кармангандарга карата кастыктын өсүүсүн да байкап жатабыз.

ЖМКларда вандализмдин ар кандай фактылары тез-тез эле жарыяланып турат, жаштар арасында диндин негизиндеги зомбулукту байкоого болот. Мисалы, 2018-жылдын 16-октябрында Кыргызстандын Ысык-Көл облусунун Тамчы айылында 25 жаштагы бала үч бала тарабынан сабалгандыгы катталган[1]. Бул окуя жаштардын белгилүү бир диний ишенимдерге карата терс мамилесин айгинелейт.

ЖМКлардагы жарыялоолордун негизинде жаштардын өз ара терс мамилелери жана жаштарды чыр-чатактык жагдайларга тартуу тенденциясынын бар болгондугу жана өскөндүгүн божомолдоого болот. Ушуга байланыштуу ар кандай диний көз караштардагы жаштардын өз ара терс мамилелеринин негизги тенденцияларына контент-анализ жүргүзүү зарылчылыгы келип чыкты.

Усулдар

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй үч негизги ыкма колдонулду:

- Мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, диний лидерлер жана

1. Бермет Уланова «Прозелит-кыргыздардын тагдыры: уруп-согулгандар, үч жолудан кайрадан көмүлүп чыккандар»; //https://reporting.cabar.asia/ru/sudba-kyrgyzov-prozelitov-izbitye-pereza-horonennye-trizhdy/) 23.10.2018. (кирген күнү: 04.04.2019, 17.21)

жаштар менен өткөрүлгөн тереңдетилген интервью;
- Эксперттик сурамжылоо;
- Фокус топтук талкуулоо.

Изилдөө Кыргызстандын 7 аймагынын өкүлү болгон Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Талас, Нарын жана Каракол сыяктуу административдик шаарларда жүргүзүлдү.

Ар кандай дин ишениминин өкүлдөрүнүн түшүнүгү

Жалпысынан алганда, бардык облустар боюнча сурамжыланган мусулмандардын башка диндин өкүлдөрүнө карата мамилеси - оң. «Жакшы» деп мусулмандардын 69%ы жооп берди, калган мусулмандардын 23%ы алар жашаган аймактарда башка диндин өкүлдөрү жок деп жооп беришти. Өзгөчө, мындай жооптор моноэтникалык локацияларда учурап жатты. Мусулмандардын калган 8%ы башка дин ишениминин өкүлдөрүнө карата нейтралдуу мамиле жасай тургандарын айтышты.

Башка диндин өкүлдөрү менен өз ара мамиле түзүү жөнүндө суроого протестанттардын 70%нан көбү «жакшы» деп жооп беришти. Респонденттердин калган 25%ында өз ара мамиле түзүүдө белгилүү чектер бар. Эгерде дин тематикасын козгобосо, алар жакшы маанайда.

Ар кандай диний ишенимдердин өкүлдөрүнүн өз ара мамиле түзүүсү

Башка диндин өкүлдөрү менен чыр-чатактык кырдаалдар жөнүндөгү суроого төмөнкүдөй жыйынтыктар алынды. Сурамжыланган респонденттердин 72%ы чыр-чатактык кырдаалдарга туш келбегендиктерин, ал эми 18 %ы дарегине карата коркутуулар, же кемсинтүү сыяктуу ар кандай мүнөздөгү чыр-чатактарга туш келгендерин айтышты. Маркумду жергиликтүү көрүстөнгө коюуга уруксат берилбеген кырдаалдар да аталып жатты. Калган 10%ы бул суроого жооп беришкен жок.



Маалыматтарга анализ жүргүзүүдө башка диндин өкүлдөрү менен чыр-чатактардын болушу жөнүндө оң жооп берген респонденттер протестанттык агымдын колдоочулары болуп эсептелгени белгилүү болду.

Чыр-чатактар көбүнчө протестанттарда пайда болгондугунан, биз ар кайсы облустардагы чыр-чатактык кырдаалдарга туш болгон протестанттардын санын көрсөтүүнү чечтик. Талаа жумуштарынын алкагында Нарын, Жалал-Абад, Бишкек жана Каракол

шаарларынын протестанттары чыр-чатактарга дуушар болгондору аныкталды. Бул шаарлардагы чыр-чатактардын табияты бирдей: күнүмдүк жашоодо Жалал-Абад жана Каракол шаарларында чыр-чатактар динди жаңы кабыл алган учурларда болуп турган. Туугандары респонденттерди кабыл алышпай, өгөйлөп турушкан, бирок убакыттын өтүшү менен көнүп, мамиле түзө башташкан. Бирок чыр-чатактар бул динди карманууучуларды жерге берүүдө жергиликтүү тургундар жана жергиликтүү имамдар тарабынан пайда болот.

Протестант респонденттерден интервью учурунда алынган маалыматтарга караганда, Нарын шаарында жергиликтүү калк башка шаарларга салыштырмалуу протестанттарга карата абдан эле сабырсыз экендигин божомолдоого болот. Нарын шаарында чыр-чатактар көмүүдө да, турмуш-тиричилик деңгээлдеринде дагы көп эле болот. Муну сурамжыланган нарындык протестанттардын бардыгы белгилешти. Ал эми Бишкек, Жалал-Абад жана Каракол шаарларында мусулмандар менен башка ишенимдегилердин ортосундагы мамиле салыштырмалуу туруктуу.

Чыр-чатактар көбүнчө моноэтникалык калк басымдуулук кылып, ар кайсы диндин өз ара мамиле түзүүсүнүн эң төмөн деңгээли байкалган шаардын жана айылдардын четинде болуп турат. Шаардын башка бөлүктөрүндө, ал жердин калкы анча-мынча гетерогендүү болгон жерде чыр-чатактар болгон эмес. Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө чыр-чатактар көбүнчө мас адамдар жана дин жөнүндө жетиштүү маалыматы жок адамдар тарабынан чыгары аныкталды. Чатакташкан адамдарды тактап берүү өтүнүчүнө алар «номиналдуу (этникалык) мусулмандарды» белгилешти. «Номиналдуу мусулмандар» деп биздин респонденттер исламды карманбаган адамдарды айтып жатышты.

Башка диндин өкүлдөрүнө карата сабырдуураак шаар болуп Талас шаары чыкты. Биздин изилдөө бул шаарда ар түрдүү дин ишенимдеринин өкүлдөрүнүн ортосундагы оң тенденция байкаларын аныкталды. Алардын турмуш-тиричилик жашоосунда дагы, көмүү маселелеринде дагы чыр-чатактар болгон эмес, ошондой эле облустун администрациясы менен да чыр-чатактары жок. Ар кандай диний көз караштагы респонденттердин дагы, ошондой эле мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн дагы жоопторунан улам бул шаар бирдиктүү жана ынтымактуу экендиги белгилүү болду. Бардык диний мекемелердин бирдиктүүлүгү облустун же шаардын жалпы проблемаларын чечүүдө көрүнөт, ал эми ар бир диний мекеме ичинен бириккен.

Каракол жана Жалал-Абад шаарларында жергиликтүү тургундар менен протестанттардын ортосунда чыр-чатактар жок экендигин, бирок бул облустардын, айылдардын чет жактарында мезгил-мезгили менен чыр-чатактар күнүмдүк жашоодо дагы, көмүү маселелеринде дагы болуп турарын аныктадык.

Баткен жана Ош шаарларында бардык респонденттерибиз чыр-чатактары жок экендигин белгилешти. Бирок бул жактарда да Таластагыдай эле көрүнүш деп айтууга болбойт. Себеби Баткен шаарында протестанттык дин ишениминдеги респондентти табуу кыйын. Анын натыйжасында аз эле респондент сурамжыланып калды. Жалал-Абад шаарындагы чыр-чатактар жөнүндөгү суроого респонденттердин бардыгы сөөк көмүүдөн келип чыккан проблемаларды айтып жатышты.

Диний билим жана маалымдарлык - өз ара мамиле түзүүдө негиз салуучу фактор

Изилдөөнүн жүрүшүндө биз мусулмандардын 85%ы билимдерди өз алдынча интернет, таалимдер, илимий китептер ж.б.у. сыяктуу булактардан табышаарын аныктадык. Өз кезегинде, протестанттар мусулмандар сыяктуу эле маалыматты өз алдынча табышат. Алар диний билимдерди Библиядан алышат, диний билимдерди башка өлкөлөрдөн жана диний семинарияларданалган жергиликтүү имамдардын жекшемби күнкү диний үгүттөрүнө барып катышышат.

Ошентип, өлкөдөгү ар бир дин өзүнүн билим алуу булактарына ээ. Алар алган маалыматтар ар түрдүү. Биздин оюбузча, интернет, чет өлкөлүк диний мекемелер сыяктуу айрым булактардын маалыматтарынын аныктыгы жана тууралыгы шек туудурат. Андыктан бул маселе диний маалыматтардын булактарын системалоо максатында өзүнчө изилдөө жүргүзүүгө муктаж.

Сунуштар

КРнын ББжИМге:

- Калктын арасындагы чыр-чатактардын себептеринин бири болуп башка диндер жөнүндө билимдердин жана маалыматтардын жоктугу саналат. Чыр-чатактар көбүнчө маалыматы жок жергиликтүү жамааттарда пайда болот. Андыктан жалпы билим берүү мектептери жана ЖОЖ сыяктуу билим берүү мекемелеринде дин маданиятынын тарыхы боюнча курстарды киргизүү зарыл, бул ушул чөйрөдө келечектеги чыр-чатактарды жок кылууга өбөлгө түзөт.

ЖӨБИЭММА жана ЖӨБОго:

- Чыр-чатактардын себептерин жок кылуу максатында протестантизмдинин карманган адамдарды мусулмандардын жана православие дониндеги христиандардын көрүстөндөрүнөн башка жакка көмүү үчүн жерди бөлүп берүү же сатуу маселелерин кароо зарыл.

- Жергиликтүү жамааттардагы моноэтникалуулук – бул чыр-чатактардын келип чыгышынын эң чоң ыктымалдуулугу. Андыктан ар башка дин ишенимдеринин өкүлдөрүнүн өз ара терс мамилелеринин тенденцияларын азайтуу үчүн, эл менен алдын алуучу сүйлөшүүлөрдү системалуу жүргүзүү сунушталат.

ЖӨБИЭММА жана ДИМКга:

- Чыр-чатактардын себептеринин бири болуп калктын ар кандай топторунда өз ара мамиле түзүүнүн жоктугу саналат. Андыктан чыр-чатактарга бөгөт коюу максатында ДИМК менен бийликтин жергиликтүү органдары тарабынан, мисалы, Иегованын Күбөлөрү сыяктуу айрым дин уюмдарынын ишине анализ жүргүзүү үчүн, жергиликтүү эл менен чыр-чатактын себептерин аныктоо боюнча туруктуу мониторинг керек.

- ДИМКга иш-чараларды диний лидерлер менен өткөрбөстөн, ошондой эле дин жана дин аралашпаган жаштардын өкүлдөрүн дагы тартуу көптөн-көп сунушталат. Ошондой эле анда этникалуулук, динге карата мамиле жана жарандардын башка маданий өзгөчөлүктөрү элдерди бөлүү үчүн негиз болбоого тийиш болгон «Кыргыз жараны» деген түшүнүктү актуалдаштыруу зарыл.

- Мамлекетти түзүүчү этнос басымдуулук кылган, моноэтникалык жамаат болуп саналган Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл сыяктуу аймактарда өзгөчө иштер активдүү жүргүзүлүүгө тийиш.

Бул аналитикалык кат International Alerttун «Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2018 – 2019 - жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttун Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери; Эмиль Насритдинов, БААУ доценти; Жаркын Шадыманова, БМУ доценти.

Бул макала Европа Бирлигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну изилдөө тобунун жоопкерчилигинин предмети болуп саналып, International Alert уюмунун жана Европа Бирлигинин көз караштарын чагылдырбайт.

© 2019. International Alert. Бардык укуктар корголгон.

International Alerttун “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар.**

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

international alert

Кыргыз Республикасында терроризм жана экстремизмге каршы иш алып барууга көмөк көрсөтүүдөгү коммерциялык эмес уюмдардын ролу

Изилдөөчүлөр: Субанбекова Мээрим, Нурланов Эрлан
Насаатчы: Искендер Байназаров

Резюме

Кыргыз Республикасында террорго жана экстремизмге каршы иш алып барууга көмөк көрсөтүүдө коммерциялык эмес уюмдардын (КЭУ), оболу, жергиликтүү деңгээлде дарамети жана ролу жетиштүү бааланбаганын изилдөө айгинеледи. Иш жүзүндө айрым КЭУлар долбоорлордун алкагында көбүнчө республикалык деңгээлде, тактап айтканда, мыйзамдарды жакшыртуу, документтерди экспертизалоо, коомчулукту агартуу жана маалымдоо, терроризм жана экстремизмди алдын алуу боюнча активдүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, ошондой эле, КЭУнун КРда терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруу боюнча координацияны камсыздоо зарыл.

Киришүү

Терроризм жана экстремизм проблемалары азыркы заманда эң бир актуалдуу болуп саналат. Бул проблемаларды чечмейин бир дагы мамлекет өзүнүн жарандарынын коопсуздугун камсыз кылууга жана адам укуктарын жана эркиндиктерин кепилдөөгө жөндөмсүз. Кыргыз Республикасындагы коммерциялык эмес уюмдар бүгүнкү күндө социалдык-саясий мамилелерди жөнгө салууда; укуктук базаны, мамлекеттик саясатты жакшыртууда; социалдык-гуманитардык, укуктук-агартуучулук, муниципалитеттерди экономикалык жактан өнүктүрүүдөгү проблемаларды чечүүдө; ошондой эле чыр-чатактардын алдын алуу процесстеринде маанилүү роль ойнойт. Изилдөөнүн максаты – акыркы беш жыл ичинде КЭУнун Кыргызстандагы терроризм жана экстремизмге каршы күрөшүүгө көмөк көрсөтүүдөгү ролун изилдөө.

Усулдар

Изилдөөнүн жүрүшүндө адабияттарды, ЖМК материалдарын жана башка булактарды изилдөө үчүн кабинеттик изилдөө жүргүзүлдү. Терроризмге жана экстремизмге каршы иш алып баруу усулдарын аныктоо үчүн, өлкөдөгү жана чет элдеги КЭУлардын тажрыйбасын талдоого өзгөчө басым жасалды. Кыргызстандагы терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруу маселелеринин үстүндө иштеген КЭУнун санын аныктоо үчүн ачык маалымат базаларына анализ жүргүзүлдү.

Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө Бишкек жана Ош шаарларында телефондук сурамжылоолор жана фокус топтук талкуулоолор пайдаланылды. Изилдөө субъектилери болуп КЭУнун, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана илимий чөйрөнүн эксперттери саналат. Фокус топтук талкуулоонун катышуучулары «тоголок кар» ыкмасынын жардамы менен тандалып алынды.

Терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруу – бул мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, жеке менчик же мамлекеттик уюмдар менен ишканалардын терроризм жана экстремизмдин алдын алуу, анын кесепетин минималдаштыруу боюнча ишмердиги. Мыйзамдарга

ылайык КЭУ терроризмди алдын алуу жана анын кесепеттерин минималдаштыруу боюнча ишмердик кылууга укуктуу[1]. Айрым КЭУ өз вазийпаларынын алкагында исламды кайра саясатташтыруу жана терроризм менен экстремизмге каршы иш алып баруу тармагында иштерди алып барат. Аларга аялдар жамаатынын арасында радикалдашууну алдын алуу боюнча иштеген «Мутакаллим» прогрессивдүү коомдук бирикмесин жана жарандык коом тармагында калктын руханий жана диний маданиятын өнүктүрүү, Кыргызстандагы диний экстремизмге каршы иш алып баруу боюнча ишмердик кылган «Ыйман» руханий маданиятты өнүктүрүү фонду сыяктуу бирикмелерди кошууга болот.

Кыргызстанда жарандык коомдун жергиликтүү бирикмелеринен тышкары эл аралык коммерциялык эмес уюмдар дагы өзүнүн долбоорлорун жигердүү ишке ашырып келишет. Мисалы, «Searchfor Common Ground», «Internews», “Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу” боюнча институту (IWPR). Алар терроризмге жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча иш-аракетин улуттук жана аймактык деңгээлдердеги социалдык-саясий, маалыматтык жана башка долбоорлорду демилгелөө жана колдоо аркылуу активдүү жүргүзүп келишет.

Ушул тапта дарамети жетишерлик, бирок аны толук пайдаланбай калган коммерциялык эмес уюмдар Кыргызстанда бар. Мисалы, өзүнүн ишмердиги үчүн укуктук негиздери бар адистештирилген коомдук бирикмелерге карата мамиле олуттуу жакшы болбой жатат. Аларга муниципалитет деңгээлиндеги Аксакалдар сотторун, Коомдук алдын алуу борборлору (КАО), Ыктыярдуу куткаруучу командалар (ЫКК), Ыктыярдуу элдик кошуундар (ЫЭК), облустук деңгээлде Коомдук кеңеш берүүчү комитеттер (ККБК) ж.б. кирет.

Тажрыйба көрсөткөндөй, мамлекет менен жарандык коомдун биргелешкен аракеттеринин натыйжасында гана азыркы радикализм, терроризм жана экстремизм коркунучтарына каршы туруу мүмкүн. Ушуга байланыштуу, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, КЭУ жана башка кызыкдар жактардын радикализмге жана экстремизмге улуттук, коомдук жана жеке коркунуч келтирүүчү катары каршы күрөшүүсү үчүн кызматташтыгын актуалдаштыруу зарылчылыгы даана байкалып турат.

Жыйынтыктар

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар жасалды.

Биринчиден, терроризмге жана экстремизмге каршы иш алып баруу жаатындагы жарандык сектордун ролун изилдөөнүн жүрүшүндө, ачык булактардын негизинде бул чөйрөдө түздөн-түз иштеген коммерциялык эмес уюмдар белгиленди. Терроризмге жана экстремизмге каршы иш алып баруу боюнча иштеген мамлекеттик жана жергиликтүү коммерциялык эмес уюмдардын көбү Бишкек шаарында жайгашкан. Ал эми башка аймактарда алардын катышуусу чектелүү (1-тиркемени кара). Ошондой эле булактарга (адабиятка) анализ жүргүзүүдө КЭУ менен өнөктөштөрдүн кызматташтыгынын оң тажрыйбалары бар деген жыйынтыкка келдик. Мисалы, Кыргызстандын мусулмандарынын дин башкармалыгы менен биргеликте терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруу боюнча мекемелер аралык план иштелип чыкты. Калк арасында жергиликтүү деңгээлде «Хизбут-Тахрир» идеологиясына каршы күрөшүү, анын алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча бирдиктүү иштер жүргүзүлө баштады[2].

Экинчиден, ФТТ жүргүзүүдө жана интервьюда коммерциялык эмес сектор азырынча Кыргызстандагы терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруу боюнча инфратүзүмдө анчалык көрсөтүлбөгөндүгү аныкталды. Мында улуттук деңгээлдеги КЭУ өзүнүн иш-аракетинде жергиликтүү деңгээлдеги уюмдарга караганда көбүрөөк эффективдүүлүктү жана натыйжалуулукту көрсөткөндүгүн белгилей кетүү зарыл. Бул жарандык түзүмдөр чыр-чатактардын тараптары менен түздөн-түз иш алпарып жатып, жамааттардын деңгээлинде аракет кылган учурда, улуттук деңгээлдеги институттар өз вазийпаларын мамлекеттик органдардын саясатын өркүндөтүүгө таасир этип, ишке ашырууга аракет жасагандары менен түшүндүрүлөт.

1. 2006-ж. 8-ноябрындагы № 178 «Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренеси.
2. Мирсайитов И. Диний экстремизм 2008-ж. Ноокат окуяларынын мисалында // «Кыргыз Республикасынын катаал кырдаалдарды башкаруудагы тажрыйбасы: келечек үчүн сабактар» альманахы. А. Алымбаеванын, Т.Тагаревдун редакциялыгында. – Женева – Бишкек – Рига – София, 2014. – 59-б.

Үчүнчүдөн, иш жүзүндө бардык жарандык тынчтык орнотуучу институттардын бирдей кадрдык, каржылык жана институционалдык проблемалары жана чектөөлөрү бар. Биринчи кезекте, укуктук макамынын, ишмердик тартибинин, терроризм жана экстермизмге каршы иш алып барууда координациянын жана өз ара иштешүүнүн чектелиши. Бул институттардын компетентүүлүк ресурсун тарытат.

Ошол эле учурда, бул түзүмдөр проблема чечилбеген учурда бийликтин тиешелүү органдарына жеткирген ачык жана тунук түзүм катары калк арасында белгилүү деңгээлдеги кадыр-баркка жете алды.

Төртүнчүдөн, каатчылык астында жана каатчылык учурларында ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөр кандай учур болбосун баары бир аныктоочу ролду ойнойт. Мындан улам жергиликтүү КЭУ терроризмди жана экстремизмди алдын алуу боюнча бийлик органдарын өз убагында ишенимдүү маалыматтар менен камсыз кылууну; терроризм жана экстремизм иш-аракеттерин алдын алуунун жана ага бөгөт коюунун адекваттуу стратегияларын, тактикаларын сунуштоону; терроризмдин кесепеттерин минималдаштыруу боюнча көмөктөшүүчү иш-милдеттерди өздөрүнө бекитип алууга тийиш.

Сунуштар

КЭУну терроризм жана экстремизмдин пайда болушуна өбөлгө түзүүчү себептерин жана шарттарын табуу жана четтетүү боюнча иш-аракетке тартуу, ошондой эле террористтик жана экстремисттик иш-аракеттин кесепеттерин минималдаштыруу үчүн төмөнкүлөр сунушталат:

КРнын УКМК:

- Кыргыз Республикасынын 2002–жылдын 8–ноябрындагы №178 “Терроризмге каршы иш алып баруу” Мыйзамына Кыргызстанда терроризм жана экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча жарандык коом менен КЭУ үчүн иш-милдеттерди аныктоо түрүндөгү толуктоолорду киргизүү. Тактап айтканда, алардын статусун, ыйгарым укуктарын жана каршы аракеттенүү процесстерине таасир этүү чөйрөсүн аныктоо.

- КЭУну концептуалдык программаларды жана стратегияларды иштеп чыгуу процессине активдүү тартуу. Аларга дин чөйрөсүнүн жана тобокелдүү топтун өкүлдөрүнүн маанайынын байкоочусу жана өзгөрүүлөрдүн индикатору иш-милдети жүктөлүүгө тийиш.

- Тармактык КЭУнун катышуусунда жергиликтүү деңгээлде терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруу боюнча аймактык мекемелер аралык комиссияны түзүү.

- Терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруу боюнча иш-милдеттерди жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга терроризм жана экстремизмге каршы иш алып баруусу үчүн мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, жарандык коомдун институттарынын жана кызыкдар жактардын ортосунда өз ара байланышты жана өз ара аракеттенүүнү колдоп берүү.

- Дин чөйрөсүндөгү; динге ишенүүчүлөрдүн маанайындагы; социалдык реабилитациялоодон өтүп жаткан жана тобокелдүү топтогу адамдардын жүрүм-турумундагы оң жана терс өзгөрүүлөрдүн индикаторлорун иштеп чыгуу.

КРнын ББжИМге, ЖӨБИЭММА, ЖӨБОго, ДИМКга жана Муфтиятка:

- Терроризмге жана экстремизмге каршы иш алып баруу максатында ЖОЖдордун саясий, теологиялык, социологиялык жана психологиялык факультеттеринде, тармактык КЭУлардын окуу борборлорунун базасында мамлекеттик органдардын, ЖӨБОлордун, КЭУлардын адистеринин чеберчилигин жогорулатуучу жана кайра даярдоочу (стационардык жана дистациялык) окуу курстарын ачууга көмөктөшүү.

- Кызыктар адистер жана тамрактык уюмдар болуп жаткан көйгөйлөрдү изилдөөдө жана зарыл сунуштарды даярдоодо өз салымдарын кошо алыш үчүн, мамлекеттик тапшырыктын алкагында изилдөөчүлөр тобу жана КЭУлар үчүн терроризмге жана экстремизмге каршы иш алып баруунун эң актуалдуу темалары боюнча тендер өткөрүү.

- Кыргызстандын бардык аймагында терроризм жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү эң мыкты чет өлкөлүк жана жергиликтүү тажрыйбаларды жайылтуу.

Тиркеме: Экстремизм менен терроризмди алдын-алуу, ошондой эле алардын кесепеттерин минималдаштыруу боюнча КЭУтун дарамети

Азыркы учурда КЭУ көбүнчө республикалык деңгээлде төмөнкүдөй милдеттердин үстүндө фрагмент түрүндө (долбоорлордун алкагында) иштеп жатат:

- мыйзамдарды жакшыртууга катышуу;
- документтерди изилдөө жана экспертизалоо;
- коомду агартуу жана маалымдоо;
- алдын-алуу чөйрөсүндөгү иштер.

Жергиликтүү деңгээлде КЭУлар тренингдерди, иш-чараларды, коомдук акцияларды өткөрүү жана консультация берүүлөр менен чектелген пилоттук долбоорлордун алкагында иштешүүдө. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 20 миңден ашуун ар кандай КЭУлар катталган; алардын ичинде өзүнүн иш-аракети үчүн укуктук негиздери бар адистештирилген коомдук бирикмелер – бул аксакалдар соту, коомдук-алдын-алуу борборлору (КАБ), 484 муниципалитетин деңгээлиндеги ыктыярдуу куткаруу командалары (ЫКК), ыктыярдуу элдик кошуундар (ЫЭК), облустук деңгээлдеги коомдук кеңеш берүүчү комитеттер (7 ККК) ж.б.. КЭУ экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүүдө төмөнкүдөй дараметке ээ:

- терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча (ага ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, муниципалитеттердин, тиешелүү мамлекеттик органдардын, тармактык КЭУ жана бизнес-сектордун координацияланган биргелешкен иш-аракети кирген) комплекстүү социалдык механизмди түзүүгө көмөк көрсөтүү;
- терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын, концепциялардын программалардын коомдук экспертизасын өткөрүү, ошондой эле аларды ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү;
- зомбулуктун курмандыктарын жана социалдык реабилитациядан өтүүчү адамдарды социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн өкүлдөрү, жер-жерлердеги ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын адистери менен кызматташтыкта насаатчылык жана социалдык коштоого катышуу;
- тобокелчилик тобу менен иш алпаруу, себеби алар радикалдашууга жана саясатташууга биринчи кезекте кабылышат;
- тиешелүү квалификацияны жогорулатууну колдоо: чечимди кабыл алуучу адамдарды, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди, коммерциялык эмес уюмдардын эксперттерин, педагогдорду жана билим берүү жана диний мекемелердин дин кызматкерлерин, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын активисттерин колдоо;
- радикалдуу көз караштарга жана баалуулуктарга каршы аракеттенүүгө түрткү берүүчү социалдык түйүндөрдөгү жана Интернеттеги жеке медиа-контентти түзүү жана жайылтуу;
- терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларга коомчулукту активдүү тартуу (краудсорсинг), ошондой эле маалыматтык абалга мониторинг жүргүзүү.

Бул аналитикалык кат International Alerttин «Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2018 – 2019 - жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttин Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери; Эмиль Насритдинов, БААУ доценти; Жаркын Шадыманова, БМУ доценти.

Бул макала Европа Бирлигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну изилдөө тобунун жоопкерчилигинин предмети болуп саналып, International Alert уюмунун жана Европа Бирлигинин көз караштарын чагылдырбайт.

© 2019. International Alert. Бардык укуктар корголгон.

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

International Alerttун “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар.**

Кыргыз Республикасында аялдардын радикалдашуусунун жолдору жана себептери

Изилдөөчү: Айбек Тилекматов
Насаатчы: Маметбек Мырзабаев

Резюме

Бул изилдөөдө Кыргызстандын аялдарын тыюу салынган диний топторго тартуу жолдорун жана себептерин изилдөө аракети көрүлгөн. Бул проблеманы изилдөө үчүн Кыргызстанда аялдар арасындагы радикалдашууга тиешелүү акыркы беш жылда өлкөбүздө жарыяланган изилдөөлөргө ар тараптуу анализ жүргүзүлдү. Изилдөө укук коргоо органдарында радикалдык топтордун мүчөсү катары каттоого алынган аялдардын тереңдетилген интервьюларына негизделет. Ошондой эле ЖАМК өкүлдөрүнө, экстремизмге жана мыйзамсыз миграцияга каршы аракеттенүү боюнча ИИМ кызматынын кызматкерлерине жана дин чөйрөсүндө иштеген эксперттерге сурамжылоо жүргүзүлдү.

Киришүү

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин 2017 – жылдагы маалыматтарына ылайык, калктын жалпы санынын 50,4%ын аялдар түзгөн.

Келип-кеткен миссионерлер, ачылып жаткан мечиттер, медреселер, диний кайрымдуулук фонддору жана диний борборлордун таасири менен калктын диний активдүүлүгү өсүшүп, мунун натыйжасында аялдар эркектер менен катар эле коомдун диний жашоосуна активдүү катышууда.

Кыргызстандагы айрым аялдар ар кандай себептер менен тыюу салынган диний агымдардын катарларына кирип калышып, экстремисттик топтордун бузуку аракеттерине активдүү катышып келишүүдө. Ички иштер министрлигинин маалыматтары боюнча, эгерде 10 жыл мурда экстремисттик кылмыштарды жасоодо кыз-келиндердин үлүшү 1,1%ды түзгөн болсо, 2016 – жылы бул көрсөткүч 25%га чейин өскөн. КРнын жарандарынын 863нүн ичинен 2010 – жылдан 2016 – жылдын июнуна чейинки мезгилде Сирияга ИМИЛ тарабында согуш аракеттерине катышуу үчүн чыгып кеткендердин 188ин кыз-келиндер түзгөн.

Радикалдашуу каналдарын жана себептерин аныктоого багытталган көптөгөн изилдөөлөр өлкөбүздүн аялдарына толук кандуу көңүл бура алган эмес. Маселенин өзгөчөлүгү изилдөөчүлөргө теманы дайыма эле тиешелүү түрдө изилдөөгө мүмкүнчүлүк бере албайт. Усулдуккыйынчылыктардын айынан бардык эле эксперттер аялдар арасындагы радикалдашуунун себептерин жана жолдорун табууга багытталган изилдөөлөргө бара бербейт. Натыйжада, учурда изилдөөчүлөрдө аялдар арасындагы радикалдашуу жөнүндө толук маалымат жок.

Усулдар

Жогоруда айтылгандай, Жайыл районунун Степное айылындагы ЖАМКнын №2 Түзөтүү-эмгек мекемесиндеги экстремизм жана терроризм беренелери менен соттолгон аялдар изилдөөнүн объектиси болгон. Бул мекеме Кыргызстандагы аялдар үчүн жападан-жалгыз түзөтүү мекемеси болуп

эсептелет. ЖАМК 1,5 ай бою караган биздин кат жүзүндөгү кайрылуубуздан баш тарткандыгына байланыштуу, изилдөө объектиси ИИМде радикалдык топтордун мүчөсү катары каттоого алынган аялдарга алмаштырууга туура келди.

Интервью алуу үчүн үч диний топ тандалып алынган: «Хизбут-Тахрир альслами», «Йакын инкар» жана радикалдуу салафиттик топтордун тарапкерлери.

Изилдөө Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын жана Чүй облустарында жүргүзүлдү.

Бизге чакырылган аялдардын бардыгы интервьюга катышып берүүдөн жөн эле баш тартышты. Андыктан аялдардан интервью алуу үчүн алгач ошол эле диний топтордун мүчөлөрү болуп эсептелген, же болбосо респонденттерибиздин туугандары болгон эркектер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн.

Радикалдашуу жолдору

Изилдөөбүздүн жүрүшүндө аялдардын радикалдашуусунун төмөнкүдөй жолдору аныкталды:

Туугандык мамилелер

Туугандык байланыштар көп учурда аялдарды радикалдуу уюмдардын иш-аракетине тартуучу канал болуп чыгат.Үй-бүлө мүчөсү, радикалдуу топтордун диний ишенимдерин кабыл алып жатып, көбүнчө диний идеяларга үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүн дагы тарта баштайт. Көпчүлүк учурда бул эркек болот. Бирок жайылтуучу аялдар болуп калган учурлар да кездешет. Туугандар аялдарды радикалдуу агымдардан коргоочу тоскоолдук катары да кызмат кылышы мүмкүн.

Кошуналык мамилелер

Кошуналык дагы аялдар арасында радикалдуу идеяларды жайылтууга таасир этет. Өзгөчө түштүктө бир диний топтун өкүлдөрү кошуна болуп жашап, көбүнчө тыгыз байланыштарды түзүп алышат.

Динди үйдө үйрөнүү

Аймактарда гана эмес, ошондой эле ири шаарларда дагы диний топтор үйлөрдө жана батирлерде аялдар үчүн окутууларды уюштуруп жатышат. Үйдө диний билим берүү менен бардык диний топтор алектенип келишет. Мындай квалификациялуу эмес окутуулар өзүнө ар кандай диний багыттарды камтыган көптөгөн күтүлбөгөн тоскоолдуктарды катып жүрөт. Топтордун жетекчилери окутуу процессинин катышуучуларына өздөрүнүн туугандарын, досторун, таанышторун чакырып келүү тапшырмаларын берет.

Интернет

Азыркы мезгилде интернет коомдун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Радикалдуу топтордун тарапкерлери диний көз караштарды үгүттөө жана жаңы тарапкерлерди вербовкалоо үчүн болгон интернет аянтчаларды жана сервистерди активдүү пайдаланышат, же болбосо өздөрүнүн жеке онлайн коомдоштуктарын түзүшөт.

Үйлөргө баракчаларды таштап кетүү

Ошондой эле азыр үйлөргө дин тууралуу баракчаларды таштап кетүү тажрыйбасы колдонула баштады. Биринчи бетте аны калтырбай окугандыгы үчүн сооп жазылуучу намаздар жөнүндө маалымат жазылган болсо, экинчи бетинде диний топ тууралуу багытталуучу маалымат камтылат.

Түзөтүү мекемелеринде бирге туруу

ЖАМК кызматкерлеринин интервьюсунда экстремизм үчүн соттолгон аялдар жөнөкөй эле маектешкендей түр көрсөтүп, өздөрүнүн ишенимдерин динди түшүнүүгө кызыкдар болгон башка соттолгон аялдарга жайылтып жаткандары белгиленген.

Ушул кезде эркектер үчүн түзөтүү мекемелеринде экстремисттик аракеттер үчүн соттолгондорго өзүнчө блоктор куруп берилген. Бирок Степное айылындагы №2 жалгыз аялдар колониясында мындай өзүнчө блоктор жок.

---

1. 2006-ж. 8-ноябрындагы № 178 «Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренеси.
2. Мирсайитов И. Диний экстремизм 2008-ж. Ноокат окуяларынын мисалында // «Кыргыз Республикасынын катаал кырдаалдарды башкаруудагы тажрыйбасы: келечек үчүн сабактар» альманахы. А. Алымбаеванын, Т.Тагаревдун редакциялыгында. – Женева – Бишкек – Рига – София, 2014. – 59-б.

Радикалдашуу себептери

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына ылайык аялдардын радикалдашуусунун төмөнкүдөй себептерин бөлүп көрсөтүүгө болот.

Диний сабаттуулуктун төмөндүгү

Дин чөйрөсүндөгү билимдердин жоктугу эмне үчүн аялдар радикалдуу идеяларга бат берилип кетишерин түшүндүрүп берет.

Укуктук сабаттуулуктун төмөндүгү

Айрым респонденттер мамлекеттеги “дин аралашпагандыкты” динди жокко чыгаруу катары түшүнүшөт. Мисалы, диний эрежелерди аткаруудагы тоскоолдуктар жөнүндө айтып берген респондент аялдардын бири мамлекеттик системаны “кафирлердин” (динге ишенбегендердин) системасы менен салыштырды.

Ызалануу жана нааразычылык маанайлар

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин айрым аракеттери көп учурда негизсиз жана абдан катаал деп эсептелет. Респонденттердин дээрлик көпчүлүгү аларды басмырлаган бийлик өкүлдөрүн убакыттын өтүшү менен Жараткан өзү жазалайт деп белгилешти. Мисалы, салафиттик топ “өчүңөр алынды, силерди куугунтуктаган кызматкерлердин көбү кызматтан кетишти, же жол кырсыгына кабылды ж.б.у.с.” - деп ишендирип, өздөрүнүн тарапкерлеринин сезимдерин бекемдешет. Ал эми Якын Инкар менен Хизбут-Тахрирдин өкүлдөрү тергөө абагында отурган жогорку кызматтагы аткаминерлер диндин маани-маңызын өз убагында түшүнбөгөндүгү үчүн өкүнгөндөрү тууралуу айтышат.

Мамлекетке жана Кыргызстандын дин башкармалыгына ишенбөөчүлүк

Респонденттер тарабынан мамлекеттик түзүмдөр аялдардын кайрылууларына жана проблемаларына талаптагыдай көңүл бурулбагандыгы, ал эми диний башкармалык аларга кызмат кылышкандыгы белгиленди.

Улуттук белгилер же туугандык байланыштан улам үндөбөгөн, айыптабаган мамиле, же жаап-жашыруучулук

Тыюу салынган диний топтун мүчөлөрүн колго түшүргөн айрым учурларда ошол жердегилердин көбү тыюу салынган диний уюмдардын мүчөлөрү болбосо да, укук коргоо органдарынын дарегине каргашаларды жаадырган агрессивдүү маанайдагы адамдардын массасы чогулуп калат. Айрым учурларда, тескерисинче, өзүнчө диний топтор, же жергиликтүү жамаат тыюу салынган диний топтун мүчөлөрүн артынан өз алдынча күчөнө түшүп алышат.

Динди саясатташтыруу

Респонденттер эл аралык мамилелер маселесинен өтө жакшы кабардар болушат. Аларга бирөө-жарым атайылап маалымат берип тургандай. Мисалы, Хизбут-Тахрир диний тобунун бир өкүлү, күйөөгө эрте тийген үй кожойкеси, эл аралык укук жаатында тиешелүү жогорку билими жок болгонуна карабай, эл аралык мамилелер жөнүндө оңой эле ой жүгүртө алат, өлкө башчысынын ары-бери жүргөнүнө дайыма көз салып турат.

Жыйынтыктар

Изилдөөнүн жүрүшүндө аялдарды радикалдаштыруунун төмөнкүдөй жолдору аныкталды: кошуналык, туугандык, биргелешкен диний билим алуу, диний баракчаларды үйлөргө таштап кетүү, интернет мейкиндигиндеги онлайн байланыштар жана түзөтүү мекемелеринде бирге туруу.

Биз аялдар арасында радикалдашуунун төмөнкүдөй себептерин аныктадык:

- Диний сабаттулуктун төмөндүгү жана диний догмаларды жаңылыш түшүнүү;
- Өз укуктары жана эркиндиктери жөнүндө жетишсиз маалымдалуусу;
- Адилетсиздик сезими жана басмырлоо;
- Ишенбестик, атүгүл айрым учурларда учурдагы мамлекеттик жана саясий түзүлүш менен карама-каршылык;
- Тыюу салынган диний топтордун мүчөлөрүнө карата улуттук белгилер же туугандык байланыштардан улам үндөбөгөн, айыптабаган мамиле;

- Айрым учурларда өзүнчө диний топтор же жергиликтүү жамаат өз алдынча тыюу салынган диний топтун мүчөлөрүн артынан түшүп алышат.

Сунуштар

ИИМге:

- КРнын жаңы Жазык кодексинде Экстремизмге жана мыйзамсыз миграцияга каршы иш алып баруу боюнча кызматтын (мындан ары - ЭММКАК) кызматкерлери үчүн радикализмди алдын алууну караштыруу, анткени азыркы учурда криминалдык милициянын кызматкерлеринин бардык аракеттери тергөө тапшырмасы аркылуу жүргүзүлөт. Алдын алуу мурункудай эле кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу болуп эсептелинип калышы мүмкүн. Ошондой эле тергөөчүлөрдүн чоң иш жүктөмүнө жана алардын аз санына байланыштуу бул багыттагы иштер кечиктирилиши мүмкүн. Диний топтордун контролунан чыгуу тобокелдиги бар.

- ЭММКАК кызматкерлерин жайгаштырууда линияны алмаштырбоо, башкача айтканда ЭММКАКты башка бөлүмдөргө (уурдап качуу, мал уурдоо ж.б.) которуштурбоо.

- ЭММКАКтын штатына диний уюмдардын кыз-келиндери менен иштөө үчүн кызматкер аялдарды киргизүү.

- Милициянын ЭММКАК кызматкерлери жок болгон айылдык бөлүмдөрүндө жетекчилик кызматтарга бул багытта тажрыйбасы бар кызматкерлерди дайындоо.

Юстиция министрлигине:

- Мамлекеттик түзүмдөргө ишеним көрсөтүүнү жогорулатуу үчүн калкка акысыз юридикалык укуктук жардам көрсөтүү. Мында радикалдуу диний топтордун конституциялык түзүлүш жөнүндөгү ар кандай сөздөрүнө көңүл буруу керек жана ага ылайык расмий эмес, бирок ар бир жаран үчүн түшүнүктүү боло турган жалпы элдик, же нейтралдуу стилди иштеп чыгуу.

ИИМ, ДИМК, КМДБ:

- Ар бир тыюу салынган диний уюм үчүн аялдар үчүн дерадикалдаштыруу боюнча так программалар иштелип чыгууга тийиш.

- Мамлекеттик органдарда бул багытта иштеген кызматкерлердин санын кызматкер аялдарды тартуу менен көбөйтүү.

- Ошондой эле түздөн-түз радикалдаштырууну алдын алуу менен иштеген адамдар коопсуздуктун жогорку чаралары жана талаптагыдай айлык акылар менен камсыз кылынууга тийиш.

КРнын МКК,ЖАМК, КРнын Башкы штабы, Чек ара кызматына:

- Бул багыттагы иш алпарылбаган мамлекеттик түзүмдөрдө пайда болгон маселелерге жер-жерлерде түздөн-түз реакция кыла турган теолог кызматын киргизүү.

КТРКга:

- Аялдар үчүн радикалдуу диний идеологиянын терс маанисин ачып бере турган радио жана телепрограммаларды чыгаруу. Документалдуу фильмдерди жана социалдык роликтерди тартып даярдоо.

Бул аналитикалык кат International Alerttун «Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2018 – 2019 - жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttун Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери; Эмиль Насритдинов, БААУ доценти; Жаркын Шадыманова, БМУ доценти.

Бул макала Европа Бирлигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну изилдөө тобунун жоопкерчилигинин предмети болуп саналып, International Alert уюмунун жана Европа Бирлигинин көз караштарын чагылдырбайт.

© 2019. International Alert. Бардык укуктар корголгон.

International Alertтун “Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар” долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча **аналитикалык макалалар.**

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

international alert

Ош шаарындагы диндар кыздардын жана аялдардын кайчылаш басмырлануу даражасы

Изилдөөчүлөр: Сапарали Патаев, Азиза Төрөкельди кызы, Сезим Саипова
Насаатчы: Айкөкүл Максутова

Резюме

- КРнын Конституциясында жана тиешелүү тармактык ченемдик укуктук актыларда адам укуктарынын бузулушунун ар кандай түрлөрүнө жана басмырлоо формаларына тыюу салынганы менен мыйзам чыгаруу деңгээлинде басмырлоо түшүнүгүнүн өзүн, муну менен катар “көптүк же кайчылаш басмырлоо” деген терминди аныктоодо бирдиктүү мамиле жок.

- Кыргыз коомчулугунда басмырлоо проблемасы, анын ичинде, бул изилдөөнүн объектиси – Исламды карманган аялдарга жана кыздарга (мындан ары – ИКАК) карата колдонулуучу анын кайчылаш формасы (жынысы, тили, ар кандай ынанымдары жана социалдык ата-теги сыяктуу белгилер боюнча), негизинен, актуалдуу экендигин моюнга алуу керек.

- Бир жагынан, ИКАКтын өзүн өзү идентификациялоосу жана өзү чечүүсү шаардын коомдук жашоосуна интеграциялануу баскычына көрүнөө таасир этсе, экинчи жагынан, коом бул көрүнүштү мыйзам ченемдүү нерседей кабыл алып, ага карата белгилүү бир жактыруу, же каршы позициясын көрсөтпөөгө аракет кылат.

- ИКАКтын коомдук процесстердеги, анын ичинде шаардык деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процессиндеги укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн чектөөгө жана басмырлоого алып баруучу кандайдыр бир шарттар жана себептер бар.

Киришүү жана усулдар

Бул изилдөө көптүк жана кайчылаш басмырлоо проблематикасын Ош шаарынын контекстинде, ар кандай өңүттөн карап чыгат, алар жалпысынан төмөнкүдөй негизги үч категорияга топтолушу мүмкүн: 1) ИКАКтын коомдогу тең укуктуулугу; 2) алардын ар кандай кызмат көрсөтүүлөргө жана тейлөөлөргө жетүү мүмкүнчүлүгү; 3) ИКАКка карата калыптанып калган ой-пикирлер менен коомдук ишенимдер жана өз ара мамилелер көйгөйлөрү. Мындан тышкары респонденттер тууралуу маалымат жана Ош шаарынын ар кандай жамааттарындагы ИКАКтын кыскача мүнөздөмөсү берилет.

Изилдөөдө сапаттык дагы, сандык дагы булактардан биринчи маалыматтарды алуу максатында изилдөөнүн аралаш ыкмалары колдонулган: 200 респондентти анкетирлөө, фокус-топтор жана эксперттик интервью.

Авторлор «QUANT+qual+qual» аналитикалык чечмелөөчү үлгүнү колдонушат, ага ылайык сандык ыкма негиз салуучу ыкма, ал эми сапаттык ыкма көмөктөшүүчү, тактоочу ыкма болуп эсептелет. Сапаттык жана сандык маалыматтар өзүнчө чогултулат жана аларга талдоо жүргүзүлөт, андан кийин чечмелөөдө ар кандай натыйжалар салыштырылат жана теңештирилет. Маалыматтарды триангуляциялоо изилдөөчүлөр жана ар кандай булактардан алынган маалыматтар аркылуу верификациялоо жолу менен жүргүзүлгөн. Маалыматтарды иштеп чыгууда жана анализ жүргүзүүдө MAXQDA жана SPSS компьютердик программалар пайдаланылган, бул бизге аналитикалык иштин ачыктыктыгын, айкындуулугун жана сапатынын жогорку даражасына жетүү мүмкүнчүлүгүн берди.

Изилдөө объектисинин жалпы мүнөздөмөсү

Респонденттердин ой-пикиринин жана тиешелүү адабияттын жана башка булактардын серептеринин негизинде Ош шаарындагы ИКАКка карата ИКАКтын өзүнүн позициясы жана алардын жергиликтүү калк тарабынан кабыл алынуусу өтө эле карама-каршылыктуу экендигине карабастан, коомдук процесстерге катышууга аракеттенген коомдун активдүү бөлүгү катары мүнөздөмө берүүгө болот. Жалпысынан, респонденттер, акыркы жылдары динге кызыгуу күн санап өскөндүктөн, өлкөнүн түштүгүндө, анын ичинде Ош шаарында, Исламды карманган үй-бүлөлөр абдан көп экендиги менен макул. Ачык байкоолордун бири катары аялдар менен кыздардын сырткы келбеттери, хижап кийүү, ал тургай айрым учурларда никаб жакка өзгөрүп жаткандыгын айтууга болот.

Тең укуктуулук маселелери

Сурамжылангандардын 43,5%ы ИКАК кандайдыр бир себептер боюнча ар кандай тармактарда өз укуктарынан толугу менен пайдалана албайт деген ойдо; 28%ы мындай көрүнүштөр орун алган десе, калган бөлүгү иштин мындай абалын жокко чыгарат; ал эми калгандары жооп берүүдөн баш тартышты.
Ошондой эле ИКАКтын шаардык деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процессиндеги ар кандай чөйрөлөргө тартылуу деңгээли, мисалы, мамлекеттик органдарда бош позицияларды ээлөөгө катышуу мүмкүнчүлүгү, Исламды карманбаган аялдар менен кыздарга караганда төмөн. Көптөгөн респонденттер мунун себептеринин бири катары, динге ишенген аялдын коомдук иштерге да активдүү катышуусу ИКАКтын көпчүлүк бөлүгү тарабынан шариятка туура келбеген факт катары кабыл алынары жана алардын пикири боюнча, аялдар, биринчи кезекте, өзүнүн үйүнө кам көрүүсү керек экендигин, белгилешкен.

Ар кандай коомдук кызмат көрсөтүүлөргө жана тейлөөлөргө жетүү
Сурамжылоо жараянында респонденттерге: “Исламды карманган аялдар менен кыздардын ар кандай уюмдардын жана мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүнө жетүүсүнө кандай баа бересиз?” - деген суроо берилген.

Ар кандай кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнө баа берүү үчүн кийинки диаграммада “жогору” жана “төмөн” деген баалар гана пайдаланылган, алар респонденттердин ой-пикирин так көрсөтүп бере алышат. Жалпысынан, азыркы мезгилдин картинасы үмүттөндүрөт: көпчүлүк кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги тармактары ИКАК үчүн жеткиликтүү. Ошол эле учурда катышуучулар жетүү жараянында ал жерде белигилүү бир ички эрежелер жана кызматкерлердин мамилелери роль ойноп, ИКАКтарга жогоруда аталган кызмат көрсөтүүлөр анчалык деле жеткиликтүү боло бербегенин белгилешкен.

ИКАКка карата калыптанып калган ой-пикирлер, коомдук ишеничтер жана өз ара мамиле түзүү маселелери

ИКАКтын өзүнүн ой-пикири боюнча , ар кандай стереотиптер жана түшүнүктөр ИКАКты терс жагынан стигматизациялайт. Мисалы, көптөр сакал жана кийим сыяктуу тышкы мүнөздөмөлөр радикалдуу жана чечкиндүү көз караштын белгилери деп эсептешет. Айрым улутчул маанайдагы адамдар салттуу ислам кийимин арабдардын өлкөсүнөн келген жат нерсе катары сындап келишет. Муну менен катар кызыктуу стереотиптер да орун алган, ИКАК, өзгөчө жаш кыздар, диндар болумуш болуп, күйөөгө тийүү мүмкүнчүлүгүн издешүүдө. Стереотиптерге тиешелүү көз караштардын ар

түрдүүлүгү, мындай түшүнүктөр кандай жагдайларда калыптанып калганы жана алар элдердин канчалык субъективдүү кабыл алуусунун продуктусу болуп эсептелери, тууралуу ойлонууга түрткү берет.

Респонденттерге: «Исламды карманган кыздарга, аялдарга карата адамдардын биринчи көз карашы, ой-пикири эмнеге негизделет?» - деген суроо берилди. Көпчүлүгү, тышкы белгилер баары бир аныктоочу ролду ойнойт деп, жооп беришти. ...Башка көрүнөө элемент болгон жүрүм-турум кантип респонденттерде экинчи орунду ээлеп калды?... Калган азыраак бөлүгү ИКАКтын жашоосундагы баалуулуктарды билгенден кийин, көз караштарын өзгөртүшөт.

Респонденттер жакынкы келечекте ИКАК Ош шаарынын коомдук жашоосунда бирдей активдүү ролду ойноп калат деп эсептешет. Ошону менен бирге чыныгы диндар адамдар сыяктуу алар үй-бүлө күтүшөт, жакындарынын жанында болушат, бара-бара динине карап чектөөлөр жана басмырлоолор азайып баштайт.

Жыйынтыктар

Негизинен, изилдөө басмырлоо проблемасы Ош шаарында анын тургундары үчүн актуалдуу экендигин көрсөттү. Бүгүнкү күнү ИКАКтын Ош шаарындагы эле эмес, жалпы эле Кыргызстандагы, абалы менен байланышкан маселелер укуктарды жана эркиндиктерди чектөөнүн түпкү себептерин алдын алуу максатында адекваттуу жана адилет изилдөөнү талап кылат. Бул Кыргызстандын азыркысы менен келечегинин негизги чакырыктары болуп эсептелет. Өлкөдө мыйзамдын үстөмдүгүн жана жарандардын эркиндиктерин талаптагыдай камсыз кылуу анын канчалык тез жана эффективдүү иштелип чыгарынан көз каранды. Андыктан төмөнкүдөй суроолор абдан курч турат:

- Кызыкдар адамдар ИКАКты басмырлоо учурларын алдын алууда жалпы жана макулдашылган мамилелерге кандайча жетет? Мисал үчүн, азырынча диндардыктын жана динсиздиктин көптөгөн талаш-тартыш маселелери боюнча калктын айрым бөлүгүнүн ар түрдүү принципиалдуу позициялары бар. Бир тараптуу кызыкчылыкты жылдыруунун кандай гана аракети болбосун, ал ишенимдүү өз ара мамилелердин кыйрашына алып келиши мүмкүн;

- Дүйнөдө Исламга байланыштуу жалпы тенденциялардын фонунда динге ишенгендиктин элеси элдин арасында жана УКОнун бул динди тутунгандарга карата терс маанайын көз көрүнөө эле күчөтүүдө. Бул жаатта калк ИКАКтын образын кандайча элестетери, коомдук процесстерде аларга кандай кошумча ролдор ыйгарылары азырынча белгисиз?

- Жалпы социалдык-экономикалык жана саясий толкундоолордун фонунда элдер жашоонун жаңы маани-маңыздарын жана таанычтарды издеп келишүүдө. Көптөр бул нерселерди диний уюмдардын жана алардын таасири калк арасында, анын ичинде ИКАКта, күн санап өсүп келе жаткан лидерлердин идеологияларынан табышууда. Чынында, динсиздик менен диндарлыктын ортосунда балансты колдоо боюнча мамлекеттик механизмдер бар, бирок алар эффективдүү эместигин моюнга алуу керек. Ушундан улам ИКАК менен коомдун башка өкүлдөрүнүн ортосунда тең укуктуулукту, бирдей мамилелерди камсыз кылуу сыяктуу маселелерди чечүү үчүн, кандай альтернативаларды сунуш кылууга болот деген суроо туулат.

Сунуштар

Мамлекеттик тиешелүү түзүмдөргө – КРнын ЖК, КРнын ДИМК, УКО, ЖӨБО. Жергиликтүү кеңештер:

- байланыштуу проблемалар менен маселелерди так түшүндүрүп берүү максатында «басмырлоо» жана «көптүк/кайчылаш басмырлоо» терминдерин мыйзам чыгаруу деңгээлинде бекитүү жана аныктоо маселелесин кароо;
- позицияларга талапкерлер менен алардын укуктарын урматтоо мамилелерин аныктоо максатында мамлекеттик органдардын ички эрежелерин жана жоболорун кайра карап чыгуу;
- өздөрүнүн багыттары боюнча аракеттер планында жарандардын дараметин жана дин жөнүндө кабардар болуусун жогорулатууга көбүрөөк көңүл бөлүү;
- ИКАКты шаардык деңгээлде (сессияларга, бюджеттик угууларга катышуу ж.б.) чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу механизмдерин ойлонуштуруу жана карап чыгуу;
- укук коргоо ишинде өзгөчө басымды алдын алуучу чараларга коюу; иштин багыттарын эффективдүү иштеп чыгуу максатында тең укуксуздук жана бузулган укук проблемаларынын түпкү себептерине жана кесепеттерине анализ жүргүзүү.

Жарандык коом жана эл аралык уюмдар:

- басмырлоо учурларын табуу боюнча мониторингдик иш-чараларды өткөрүүнү улантуу жана маалыматты кызыкдар тараптарга, анын ичинде мамлекеттик органдарга жеткирүү;
- контексттин өткөрүлүүчү иш-чаралар менен өз ара байланышына көңүл буруп, чыр-чатактык жагдайларды эске алуу жана гендердик-сезгичтик мамилени колдонуу менен долбоорлоо жана изилдөө иштерин жүргүзүү;
- ИКАКты коомдук процесстерге жана иш-чараларга, мисалы, маалымат кампанияларына жана чечимдерди кабыл алуучу адамдар менен эдвокаси жолугушууларга интеграциялоо боюнча альтернативалуу демилгелерди иштеп чыгуу;
- ар кандай диндердин, этникалык топтордун жолун жолдоочуларынын ортосунда тынчтыкта жанаша жашоо маселелери боюнча кабардар болууларын жогорулатуу жана көп түрдүүлүк идеяларын алып чыгуу.

Бул аналитикалык кат International Alerttун «Дин жана демократия боюнча конструктивдүү пикир алышуулар» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча жазылды. Изилдөөлөр долбоордун алкагында 2018 – 2019 - жылдары окутулган жаш изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлдү.

Редакциялык коллегия: Шакират Токтосунова, долбоордун директору, International Alerttун Кыргызстандагы өкүлү; Расул Момуналиев, долбоордун менеджери; Эмиль Насритдинов, БААУ доценти; Жаркын Шадыманова, БМУ доценти.

Бул макала Европа Бирлигинин колдоосу менен даярдалды. Бул макаланын мазмуну изилдөө тобунун жоопкерчилигинин предмети болуп саналып, International Alert уюмунун жана Европа Бирлигинин көз караштарын чагылдырбайт.

© 2019. International Alert. Бардык укуктар корголгон.